**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**АРСТАНБАП-АТА АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АРСТАНБАП-АТИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Арстанбап-Ата айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезектеги XIV сессиясынын**

# ТОКТОМУ
## №13

18-август 2026-жыл — Ооган-Талаа айылы.

**Арстанбап-Ата айыл аймагындагы жер тилкелеринин багытын өзгөртүү жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын Жер кодексин жана колдонуудагы мыйзам актыларын жетекчиликке алып, Арстанбап-Ата айылдык кеңешинин жер маселелери, токой чарба, айыл чарба жана экология, архитектура жана курулуш маселелери боюнча туруктуу комиссиянын корутундусун угуп жана талкуулап, Арстанбап-Ата айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Арстанбап-Ата айыл аймагынын Арстанбап айылынын тургуну Тажимурадов Кодиржон Ахмаджоновдун ээлеп турган жер тилкелеринин максаттык багытын өзгөртүп берүү тууралуу арызы канаттандырылсын.

2.Арстанбап айылында Тажимурадов Кодиржон Ахмаджоновичке тиешелүү жер тилкесинде А-фрейм үлгүсүндөгү эс алуу жайы (туристтик объект) курулгандыгына байланыштуу, жер тилкесинин максаттык багытын турак жай багытынан коммерциялык багытка өзгөртүүгө макулдук берилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышы Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Арстанбап-Ата айылдык кеңешинин жер маселелери, токой чарба, айыл чарба жана экология, архитектура жана курулуш маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага — Ж.Абдухалилов